нек өлөт.
Сарыбагыш менен бугу биринин
изин бири кетмендеген жооб[illegible]
луп калышат.

Жыйнаган: Абдрахманов Г.

1955-ж. май.

Фрунзе.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 2039
3/IV 58
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Кыргыздан [illegible]
[illegible]
[illegible]
10 стр. 100 рб.

Восх.

# Кыргыздан чыккан мыкты манаптар. XIX - кылымдын өнүгүшүндө роль ойногондор.

## Үмөтаалы.

Үмөтаалы канкор Ормон кандын тун уулу болуп, мыкаачылыгы эң чектен ташкары болот.

## Үмөтаалынын аттуу баланы өлтүргөнү.

Жайдын калың эл көчүп ашуу ашуу ашып бара жатышканда, Үмөтаалынын көчү да ошол көчтө болот. Ашуунун белинде бир киши Үмөтаалы аттуу баласын тынымсыз кайкырып чакырып жүрөт. Эл журтка барып конгондо Үмөтаалы жигиттерине "Ашуу ашып конгон элде Үмөтаалы аттуу киши бар экен таап мага алып келгиле" дейт.

Жигиттер айылдарды аралап жүрүп Үмөтаалы аттуу бир баланы таап алып атдан жөнөт. Жалгыз болуп, атасы Абылышка экен. Абылышка моюнуна көгөндүн бурчагын илип алып буркурап Үмөтаалынын алдына келип „Айланайын баатыр жаным сизге курмандык, ошко өздү сизге садага чабайын баласындан кашык канын бер жалгыз

эле! - дейт атасы. Усмотаалы жалбарган сөзүнө кулак койбостон баланы чаптырып салат.

Усмотаалы аялын атканы.

Бир топ аялдар Усмотаалынын үйүнүн жабууларын оюдан тигип жатышкан болот. Усмотаалы дөөдө отурат. Колундагы мылтыгын түзөтүп жүрүп, „ишик карага тийип" деп айтып аялдын арасына атат. Атылган ок өзүнүн аялына тийип өлүп болот. „Ишик кара экен кошуп салгыла" дейт Усмотаалы.

Устаны өлтүрмөкчү болгону.

Бир мыктыы устага Усмотаалы кылыч жасап бергин деп тапшырат. Уста кылычты өтө өткүр жана көркөм кылып жасап алып келет. Усмотаалы сой сойдуруп айылдагыларды чакырып устаны конок кылат. Уста үйүнө кетмекчи болгондо устага „Усмотаалы токто" дейт. Уста токтогондо кылычты колуна алып башын алып салмак болуп тап бергенде Усмотаалыга сөзү өтө турган бир киши кыйкырып „Канчалык жанын карсап калыптыр" деп айтылым, Усмотаалыны

карыган тöктöй - менинг колумды бекер кармадың, оныңдай кылынчыле оның душманына жасап бэрэй деересиң - деп ӱсмӧтаалы.

Бир айыл кижини жок кылганы. Ӱсмӧтаалыныҥ байго жеткен кызы кебез- ден бир айыл жер тӱйӱп иштеп жургандо ӱсмӧтаалыда бажыдан кӧзӱне каныҥ болуп калат.

Кӱндердиҥ биринде ӱсмӧтаалы бир айылга конок болуп отургандо, бир жигит ӱсмӧтаалыныҥ колына суу куйганда, шыныдан чубалып тӱжӱп турган кызыл чокырды танып калат. Ӱсмӧтаалы ошол жигит турган айылды бӱт ӧрт- ӧл тӱдӱп, ӱй - жайларына чейин ӧрт- тӧп жиберет.

Кандайдыр ӱсмӧтаалы талаада бастырып келе жатканда, алдынан каршы саласи айткан- да ӱсмӧтаалы барк эйин алып калганда, саласи айткан киши чочуп кетип атынан кулап калган. Чочуп кетсе, ӱсмӧтаалы кубанып калган. Чочуп аттан куласабаса ал кишини каардап оларчо кылып урдурган.

Тосмоо:

Бүгү уруусунуң бөлек уругунуң Шашак деген ата-
ның чуукузундан XIX - чүс чылдың ортузунда,
Тосмоо деген ыыржачы шаман болуп, шаан узак
ка созулуп чоруп турганда, Тосмоо чер ... эрин
аткарып дилин арыттын кадарып турган, кижиде
кижи оорупчатканда чаагчы чээн чүвени ...
лээ отко салып өрттеткен. Хөй кижи-
лер Тосмоодан өрттенип өлүшкен чүвен.
Тосмо өлүшкор болгондуктан дайысма
Күшү таштап салган. Күшү кожус чылгы-
ның ичине барып конза, Күшүм ... кон-
гон" деп бир чак шоны кармаштып алган.
Күшү кожус бир чадырның үстүнде барып
конза, өй ичинен көзүгле кирген бир буюсун
алдыргыр кешкен. Ооңдуктан эл шаан-
дай сөстөрнү айтышкан:

„Тосмоо келгиже,
Туслаа келди!"

Канай.

Бүгү уруусунуң кыдык уругунан Хара-көжүк
деген атаның чуукузундан XIX - чылдың
ортузунда Канай деген ыыржачы шаман
болуп, чазык-чок кижилерни көп ол-
дүрген. Кузаттынга бир күннерде Канай
чүрээ. Бастыкчы келе чатса, чол бонда бир
бастыкчы ...

канча жаткандар көрсөтүнгө эгер кызылдан жатпагышкан болушат. Каныкей басты-рып келип, „Келе айтсама жоошулгула" дейт экен.

Жаткандар „Баатыр кызылга чечкормалмуузда-дал элек", андан кийин берилет „Сейтек жат-кандар".

„Эмесе кызылга чечкорду мен муздатамын!" деп айтып 7 жаткандар муздатып жиберет. Ал муздалган жаткандар баш деген элден болот.

Жез чочмор манда.

Сарыбагыш уруусунун Эсенгул тукумунан Бердинин Эзбектин 8 беринин бири болгон Берди-кожосунан манда деген манап XIX-кылымдын ортолугунда болот. Мандада тыма эринин кашында чоң жез чочмор илип жүрөт. Кандайдыр ачуусу келсе чочмору менен чаап кишилерди жарадар кылат, кай бирлерин өлтүрүүгө салат. Айрыкча чоң аштарда, ал башкарып тынымсыз чочмору менен койгулап чаап кылат эле. Ошондуктан жез чочмор манда деп аталат.

Түрдүкө.

Черик уруусунун байтүбө куругунан Кара-
чул деген атанын тукумунан Түрдүкө
деген атакчы адам, XIX - кылымдын
ортолоруна болуп, Кытайдын жактагы
территориясында жүрөт
Түрдүкө кыйналып барганда, кызды жатып жар-
ганда, эртең менен Түрдүкө аттанып
кетет, кыз төшөктө өлүп калган болот.
Ушундай болуп, Түрдүкө атасынын үйүндө
7 кызды өлтүрөт.
Эң акырында бир куу чачтар аял аман
калып, Түрдүкөгө аял болуп жүрөт.
Кыздардын андай өлүп калгандыгынын
себеби: кыздар Түрдүкөнүн жанына
кирип жатканда жууркандын туурасынан
киргендиктен ага теңелет деп өлтүр-
чүү экен. Аман калган куу чачтар аял
жууркандын аягынан ордо башын салып
жаткандыктан өлбөй аман калган экен.
Кандайдыр өзү билип ушундай иш кылды,
же эл сөзгөнбү белгисиз.

Түрдүкө аттын чунун кулагын кескени.

Бир киши төөсүнүн келип токойдон аттын
алганда, төөсү бакырат. Түрдүкө ал аттын
алган кишини алдырып келип: „Балдардын

Куш салып аңноочу токойдогу кой жана
башка илбээсиндерди качырасың! Мындан
кийин кулагың угуп жатсын!» Сен ит теги
оюнчунун кечирип салат.
Жисмде киси тургунчатталганын жа-
калнын ажуп, келин тургунго саласидаси-
нат өтсө, карсматалы келин атын өзүнө
сыуздатып, ээр, токушу менен эт бы-
шыртып, өзүн канга бастырып айдап
жиберет.
Тургандан, кашкарга эгинамуга барган тоо-
лорунун оозторун буушуп ырактан жүн
боюнча качып өтушөт. Кокустан жа-
гиттери карсмашып колишкен болсо,
тоолорду [illegible] жук- муну менен жейт.
Тургуконун алдына саласига келген киши-
лердин аттары сезимз болсо токтоосуз
сойдурат, ээси касабагын буркөп кейике
канга бастырып ээр, токушун жагагы
эт бышыртыпта, өзүн айдап жиберет.
Союлган аттын ээси кубаныч өзү атын
союшса, тургуко ал кишини кондуруп,
эртеси бир жакшы ат мингизип,
бир сыйра баалуу кийим кийгизип
узатат.

8

## Ажыбек кийин ашындагы калганы.

Ажыбек баатыр менен Турдукожо, инисин баласы болуп, башка эки туушкан токтобай деп Ажыбек, Токмоктон Турдуко болот. Ажыбек XIX-кылымдын орталугунда өлүп, Турдуко башында туруп оң менен солду чакырганы берет.

Айтылган байгесине бир канча кишилер башы болуп толгон малдар, жасакчылар сатылат.

Бир канча жүз тоолордо сайылат. Байгеге сатыла турган тоолорду Черик элине салык кылынат. Айтылат жаш жана өркөчү бир жагына ооган тити-тиштик өркөч төө болсун деп. Алып келген тоолорду Турдуко текшерип турат. Өркөчү жыгылган тоолорду кылыч менен чаап салат.

Кашкар, Турпандын шаарынан элет элди аралап чыккан үйгүрлар Турдукого алык-салык берип турушат.

өлгөндө Турдукенин көрү өртөнгөн, окурган деген сөздөрдү Черик эли ушу күнгө чейин жыш айтышат.

Турдукенин мүрзөсүнүн жанынан өткөн соодагерлер „Турдуке тур байсыз балаларыңда алба салуба" деп айтып өткөндүктөрүндө айтышат. Каардуу манаптар көрүндө өкүрдү, өрттөндү деген сөздөр ар бирүүлөрдө айтылат.

Ушатаалы <u>Кара нанчы төрөнү өлтүргөнү.</u>
Ысык-Көл кыргыздары Расияга кошулуп,
тынчтык жүрүй баштаганда, Кара нан-
чы деген төрө бир канча жолдош торусу менен
Ушатаалыга уурдашууга келет.
Ушатаалы Кара нанчы төрөнү жолдош-
торусу менен өлтүрүп жиберип, өзүнчө
бир атынын менен Чүйгө кире качып, андан
Таласка андан Анжиянга түшүп, акыры
Кашкарга өтүп кетет. Бул учурда Каш-
карды Бедөөлөт башкарып турган экен.
Ушатаалы Бедөөлөткө да баш ийбей, кай-
та элге келет. Ушатаалынын бир
бутуаксак болуп, карыы чыйралган абыш-
ка болгон экен, бул кандай кадырга ээ
болбостон өлөт.

<u>Табыш манаптын мыкачылыгы.</u>

Табыш Төрөкелдинин уулу Үркүнчүнүн
уулу болуп, алдыңкы катардагы манап-
тан болот. Табыш, Балбак манап
менен эрегишип жүрүп, акыры Балбак,
Табышты камалга айдатат.
Солдаттар барып Табышты айдап алып
жөнөгөндө айылындагы бир Чыйдун эш-

тинде кайгуу ыйлап турат. Табыш „Бул ыйлап турган кыз бала кимдики?" деди. „Сиздин балаңыз" дешип турганда жооп бериши.
Анда Табыш „Ата, ганап айды, кыз деле бала экен го" деди.
Табыштын аялы кыз төрөсө, алгачкысы салуучу экен, бирөөгө аял болуп кетет экен,

1

2839 Илгерки убакта болгон чуума жөнүндөгү маалымат.

Кыргыз эли расияга кошулуп жаткан мезгил болот. Бугу уруусунун Тынысейит деген бир болуш уругунан Тебеш бала деген бир топ болуп, Ысык-Көлдүн чыгыш түштүк тарабы тоо аркасы сырт, Көк-жар-Туурук деген жерде мал багып көчүп конуп жүрүшөт. Көк-жар-Туруктун бир бийик тоосу эң коркунучтуу тоо болуп, ажыраткан аскасынан кең жеринен күрүлдөгөндүгү менен катар ураалдаган бороон чыгып турган болот. Ага киши жакын баруудан сактанышат. Тоонун өндүрчөсүнөн суулары чыгып, төмөндөп барганда чай жакшы жайык өндүргө болуп, ар түрдүү чөп өсүп жайкалып турган болот.

Жайлоо убагында бир күндөрдө жогоруда айтылган Тебешбаланын айылы ошо жайлуу конушка барып конуп калышат. Айылдан бир кишисине төрпок минген бир жылаңач бала көрүнүп айтат:- жерди булгабай тез

кочуп кетишле!

Ал кишини айылдагыларга баланын айт-
кан сөзүн айтышкан, жоктуганчы бел-
гисиз. Айыл көчпөй калышат.

Бир күнү кечке жуук турганы суук
3-4 киши айтчан келип сүйлөнүп
туруушат: - Кочуп кетишле сол айтса
болбойсуңар жер-суунубулгайсыңар! -
кандай кеткендиктери билинбей
көздөн кайып болушат.

Ошо заматта эле үйдүн кишилер
биринин артынан экинчиси ала
басышат. Көп кишилер олуп
кеткенден кийин калгандары токтоо-
суз көчө качышат. Бул окуяны эс тарт-
кан убагында өзү көргөн бир карыя
революциядан кийинде аман жүргөн
экен тоодо.

Сырттан беш бала кырылып ко-
чуп келе жатышат деген кабар
калдагы элге угулат. Бугулардын
дуйнөсү аксакалы болгон Мураталы
бийде аман бар экен.

- Баланы кетишпеген машаяк качып ку-
гуулат деген, журт мал тыштарды,
ок-дарыларды мол калтырып, кирел-

лын келе жайкан коӊту тегерегин
каш. Чаш алкыш айтышып, суунун
башына кондурушту алкышына кондуруп,
сыртынан кайдуу кайтарышып, адаеӊ
айбандарга бирде жолобосун, алар-
дан бирөөдө сөөлгө жолобосун!

Эл шураттап бийдин буйругун
аткарышат.

Эӊ артыкта караугулчук дарыясына
чушулган эл болсодо илгерки иш-
тери билгендиктери таӊ калар-
лык иш!

Биз бала убактыбызда ысык-
көлдөгү элде сөзүнө ишендирүү үчүн
-ушу сөзүм жалган болсо беш бала-
нын өлүшү келсин деп айтышар
эле.

Каргоо сөздөрүндө беш баланын
өлүшү келсин деер эле.

Сарыкенин өлүшү.

ысык-көлдөгү бугу уруусунун Арык
деген элинде сарыке деген бир болушу
болуп, сарыкенин мал баккандарында
жогоруда айтылган кок-нар-турукту
жайлап, кышын кочуп, конуп жүрүшөт.

1913-жыл, сентябрдын эле, ошон
жети – огуздо сусулмап болуп тур-
гануспаштысы болум, 25 жаштагы Элеси
Көк-жар-туруктан Сарыке кыралмалы
аскерларга жан жалоштап көчүрүп
келе жатат дейт деген кабар угулду.
Сарыкенин аялы беш бала кал-
рылган өзөнгө барып конуп калышат.
Сырт жеринде сентябрь айында,
сазгуз кар жаайт дечесши. Короо
каштарган аялдар көрушөт. Түндө
тайлак минген бир киши уласы
корооого кирип келип турайтта
кетет. Эртесинен карашса
кашат жактагы калың сасоого
төөнүн изи барат, башка жакта
карда эч кандай из жок болот. Көкко
учуп кеткенби деп таң калышат.
Ошо замат кач-часы алсат
ала башташат. Атка минүүгө
жарап калган бир эркек баланы
таят атасы бир айгырга мингизип
чанаҷка касымыз кууп бериш жа-
жына байлап берип, колду карай
качырат. Ал баланын фамилиясы
Чыдабанов эле, педтехникумду

бүтүргөндөле 30-жылдарда бекен
дүрүнз оде өлүп калды.
Сарыкендин өлүмүндө Ленинграддан,
да дохтурлар келишип, бирок часа-
сында карантин болуп жүрдү.
Айбашында партиянын тазалоо
Кыдырев деген бир жигит акырба-
анын айтуусунда сарыкендин өлүмүндө
3 жашар бала болгондугун өлүм-
дөн аман калгандыгын айткан.

Айбашындан чыккан чумалар:

Ак-сай жайлоосунун көш-кара таш
деген жеринен чуманын чыккандыгы
анык. Жарым кылымдын нары на-
гында Черик уруусунун Акчубак элин-
деги Кытай деген бир бөлүмүнө чума
болуп көп көп кишилер кырылат.

Майлыбаштын өлүмү.

1907-жылы сентябрь айында Черик-
тин Майлыбаш деген эли Ак-
сайдан чума болуп көчүп көп ки-
шилер өлүм болот. Ысык-көлдөн
жүрүгөн издеп көчүп келген Жанкарач
деген даңктуу кишинин үйбүлөсү
дүтөсне калып өлүп, өзү иниси-
нин Акматбай аттуу баласы калат.

ичинде Ленинграддан да дохтурлар кели-
шет. Көп оорукту жугуп кылган малай
догонаган калай.

II- Чусма. 1948- ж. өлдү.

1928- жылы, сентябрь айында Атбашынын тескей тарабы Кыштоо деген жерден Чусма Чекилин көп кишилер өлдү. Карантин болуп, Ленинграддан дохтурлар келишип, басылып кеткен.

Айтуулардына караганда суурдан жугуп, кайбир суур адамча сүйлөйт экен.

Азыркы убакта жайлоолорунда атайын Чусма дохтурлары иштетүрулган.

Манас секторунда иштеген:
Абдрахманов Г.

1/III 58-г

Отдел рукописей
Инв. № 2015
5/IV 58 г.
АН СССР г. Фрунзе

# ЧЕРИК УРУУСУ.

## Баатыр Ажыбек.

жазган Абдурахманов И.

1956-жыл. март

Черик уруусу
18 стр. 200 р.

## ЧЕРИК УРУУСУ.

### Баатыр Ажыбек.

Черик уруусу күчтүү уруулардын аяк астыларында тапталып келинген уруу экендиги анык. Күчтүү уруулар черик уруусун маскаралап, Адыгине, Тагайдын жоголгон Таманак деген итинин төлөөсүнө олжодон келинген бала деп жана чабуулда талаада калган бешиктеги бала болуп, чердегей курсак бала болгондуктан черик аталгангандан айтышкан.

Черик уруусунун саны аз эң букара уруудан болуп калат, чоң уруулардан зордук-зомбулуктарды дайыма көргөн. Ошондуктан ык_тап тоо намынын Кытай территориясы болгон какшаал, кашкар тарабына кирип коргонгон. Ал территория какыр таштак жер болуп, черик элин дагы маскаралап, ташка чычар чериктер деп жыш айтышкан. Черик алында мунун айтканын карачы деп да айтышкан. Ошондуктан Черик уруусу ар кайсы уруулардын ичине таркоодо болушкан.

### Ажыбек баатыр.

Чериктин Байчубак уругунан Карагул уулу деген даңктуусунан Токтобайдын уулу Ажыбек XIX-кылымдын башкы жарымында келип чыгат. Бул убакта Черик уруусу эң басынкы абалда, күчтүү уруулардын зордук-зомбулдуктары астында турат. Мына ушул мезгилде Ажыбек туулуп 20 жашка келет.

Черик эли Атбашыны жаздап, күз аяктаганда, какшаалга кирип кыштап турат. Какшаалдын асман итреген тоосу Черикке чеп болот.

### Асан, Калчанын Ажыбектен өлүм болушу.

Кыргыздын эң күчтүү уруусу Адыгине болуп, Паргана территориясынын чыгыш өрөөнүн ээлеп, Ош, Алайда турат.

Адыгине уруусу кокон кандыгында бийлештирет. Адыгинден Асан, Калча деген эки каарман баатыр чыгып, бет алганын талкалап турат. Бир жылы Асан, калча эң аьында бир миң түтүнү менен эр-азаматтарын шайдоот кылып алып, көчүп Атбашыга баса конот. Черик элдин чаап алып Атбашыны ээлөгө. Асан, Калчанын баса келгендик кабарын Черик эли көрүп жандарынан түзүлүшүп өз-дөрүнчө жыйын кылып кеңешет. Черик элинин билермендери Шадыбек, Максүт, орус бий дегендер болот.

"Алакандай Черик, ала тоодой болгон Адыгинеге кантип шаабыз келет! Асан, Калчага тартуулар тартып жан соогалап башчелик, Калчага кыз тарталык, Максүт бий сизде бой тарткан кыз бар деди эле, журту үчүн берсек кандай?" дейт орус бий.

Чериктер ошентип айласы түргөнүп турган убакта туусу калкылдап Асан, Калчанын колу дүңгүрөп каптап келет. Черик Суук-Булак деген жерде жыйын кылып отурушат.

Күз мезгили экен. Калчанын башында кара тумак болот. Чериктин жыйынын көзүнө илбей каптап кирет. Жаш Ажыбек Карагер атка минип найзасын сундуруп Асан, Калчанын калың колун аралап сайып кирет, артынан Черик сүрүп киришет. Кара-Коюндун тааласы өөдө сүрүп Арпага чейин сабып өлүм кылат. Асан, Калча экөө тең өлүм болушат. Өлгөндөн калгандары Алайкууга кирип кутулушат.

Черик жоону кайрып кайраа тартып, өлгөндөрдүн ат, тондорун жана Адыгенин баса конгон айлын олжого алышат. Мына ошондон кийин Ажыбек бала баатыр деп атала баштайт. Алакандай Чериктин ала тоодой Адыгенин талкалагардыктары оң менен солго угулат.

Мына ошондон кийин Ажыбек эл четинде, жоо бетинде боло баштайт. Черик эли баштагыдай какшаалдын кабышкан жоолоруна корголобостон Атбашыга эркин коно баштайт. Черик эли каржабаган какшаалды кыштап, жаз боло баштаганда, Атбашыга көчүп түшүп жаадап малдарын төлдөткөн. Ажыбек Нарындын Куланагына конуп, Атбашыдагы Черикти коргогон.

Ажыбек да жатпастан камынып, Чериктен чыккан тың азаматтарды жан жолдоштукка алат. Акчубак уругунан Бошубек дегенди чокоту деген уруктан кара Бердиш дегенди жана Бөрү-мурун Жумабай дегенди Бошубек Ажыбектин өзүнө тете болгондуктан баатыр Ажыбек, бала Бошубек деп аталат. Ажыбек кирген суудай арылдап чыга келгенде күчтүү уруулардын ичтери тарыгып, Ажыбекке кас санай баштайт.

<u>Кемпирбаланын Черикке кол салышы.</u>

Жумгалдагы саяк уруусунан Кемпирбала деген кайраттуу баатыр болуп, Ажыбектин кабарын угуп кыжыры кайнап кол кол жыйып айтат: "Ажыбек Шыдагылкул Чериктин Чеч-Төбө деген казна бактай болгон назары бар., ал мазарын кетмен менен бир чаап каңтарып салып, Черикти бери карай чубуртуп көчүрүп малы, баштарын талаан кылгыла! Ажыбектин бой тарткан кызы бар дейт олжолоп алып келип карыган кезимде жылыткыла!"

Кемпирбаланын кызыл токтоосун аттуу мыкты уулу калың колун баштап алып Атбашыдагы черикке баса келет. Ажыбек та камынып черикти жыйып беттешет. Суук-Булактын боюнда эки кол майдан курушат. Адегенде жекеме жеке чыгылган сайыштар болот. Акыры жекеге кызыл уул Токтоосун чыгат. Минген чаар аты тилин салып келет. Черик жактан Акчубак уругунан болгон Баймырза

деген жигит чыгып беттешип найзалашкан сайыш, кылыч ташып чабыш, айбалта, чокм баш менен салыштар болот.

Баймырза бир убакта кызыл уул токтоосунду айбалта менен башка чайканда, башына балта орноп, чаар ат ойногон бойдон өз колуна барат. Аттан учуп түшүп токтоосун жаң таштайт.

Мына Саяктын калың колу аламан кокп камап кирет. Бала Бошубек 7 кишисин катар ыргыта атканда, Кемпир баланын колу качат. Чериктин колу артынан сүрө түшүп кыргынга учуратып, өлгөндөрдүн ат, тондорун олжого алат. Өлгөндөн калгандары Нарынга кире качат. Саяктан көп кишилер колго түшөт. Аларга жылоо мал алып бошотот. Саяктан көп кыргын болуп, катындары кара эле чек болот. Чериктен эң аз киши өлүм болуп, атактуу кишиден болгон Боobек деген киши өлөт.

## Байтөбөттүн Черикке асылышы.

Нарындагы саяк уусунан ийман уругунан Байбөт баатыр деген тынч жаткан черикке кол салып Ак-Сайдан АКЧуБаК элинин жылкысын көңтөрө алат. Байчубак уругунан Сарыкөбөн уулудан Ырайымбек деген кайраттуу азамат жылкы алган Байтөбөт баатырдын артынан жинди Күрөң деген күлүк аты менен сүрө түшүп жеткенде Байтөбөттүн колу өлүм кылып жинди күрөңдү коштоп кете берет. Ырайым бектин тайкеси Бай төбөткө жакын тууган экен. Жинди күрөңдүн коштолуп барылгандыгын көрүп "түпкө жеткен экенсиң ээ Байтөбөт" дейт. Байтөбөттүн төбөсү көккө жетип, алган жылкы ээ кылып жатып калат.

## Байтөбөттүн өлүмү.

Ажыбек кеткен намысты Байтөбөт баатырдан кайтарып алууга камынып чериктин эр азаматтарын жыйып барып, Нарындын өөжүн

Дөрбөлжүн, терегинде жаткан Байтөбөттүн жылкысын көңтөрө алат. Байтөбөт колун жыйып Ажыбектин артынан сүрө түшүп келет. Нарындын Жан-Булагын өрдөгөндө Байтөбөт келип жетип сайыш болуп, Байтөбөттүн колу кайра чегинип, Байтөбөт Ажыбектин колуна туткун болуп коштолуп келе жатылганда, Чериктин ал даяр уругунан тартак Мамбет деген киши Байтөбөттүн көзүн чыгара сайып салат. Ажыбек Байтөбөттүн айылына келип, колун, бутун кишендеп бир үйгө жалгыз каматып коет. Орус бий Байтөбөт менен сөөк болуп, Ажыбек туткун кылып алып келгендигин эшитип, Ажыбекке барат. Ажыбектин айылы Атбашы токоюнун үстүнө жакын ~~экне.~~ экен. Орус Байтөбөтке учурашып, Ажыбек менен жарашты-рып, Ырайымбектин кунун бердирип тындырууга. Орус кайта ат-танып кабакка киргенде "орус токойду аралады, карагылачы" дейт Ажыбек. Орус токойго кирип кеткендигин угуп Ажыбек Ба-төбөттүн үстүнө кирип "Байтөбөт жан соога дейсиңби?" деп сурайт Ажыбек. "Жан соога дебеймин" дейт Байтөбөт. Ажыбек Кы-лыч менен жүрөгүн жарып өлүм кылып, өлүгүн оруска жеткиртип берет. Орус элине жеткиртип берет.

## Данкендин черикке кол салышы.

Булу уруусунун бугу элинен Дакен баатыр деген бир канча шайдоот азаматтары менен жортуп келип, Атбашынын батыш тескей тарабындагы АКЧуБаК элинин мадей дегендин жылкысын чет Аркелте бүктү ашырып Ак-Сайга салып түн боюнча алып кетет. Артынан кууп жеткен Мадейдин эки колун бек байлап, атына сар моочтоп коштоп алып жөнөйт. Жылкыны жоо алып кеткендигин Мадейдин айылындагы сезип айтылышат: "кашкар тараптагы чоң багыш бизден жылкы алууга эч кандай дарманы жок саяк менен сарыбагыш

болсо кыдей албай кылышты эле, канетсе кеддук алды Ажыбекке тез кабар салыш керек?" дешип, Атбашынын чыгыш тескей тарабындагы кабарчыны чаптырат. Ажыбек камынып таң ата Богоштудан атганып, Ак-Сайды карай женейт. Жылкы алган Дакен баатыр таң аткыча Аксайды басып түш чубакта тиз-ашуу кындага жетет, Мадейдин Ажыбектин жөнүн сурап барат. "Эми Ажыбегиң келбейби?" дейт.

"Ажыбек курсунн какшаалдын кантип келет?" дейт Мадей. Кеч күз убагы экен, бешим убагы болгондо кында өтө бергенде туурасынан Ажыбек деген ураан чыгат. Жетип Дакенди сайып жөөлөтүп ат, тонторун олжолоп өздөрүн жөө айдап жиберет. Жылкыны душмандан айрып алып кайра тартышып, бир сезимди сокп тилөө өткөрөт. Мадейди Ажыбек Кара Чуна деп айтып баатыр атын алган жан жолдо шунун бири экен.

Беркбай баатырдын черикке кол салганы.

Бугу уруусунун бапа элинен Беркбай баатыр деген колун жыйып келип, Черикке чабуул коет. Мындай деп ураан тартып келет.

"Атым Беркбай,
Минген атым Ак билек;
Катын Черик качпагын!"

Чериктердө каршы чыгып сайышып кубалап женет.

Ашыр баатырдын Черикке кол салышы.

Бугу уруусунун тыным сейит элинен Ашыр баатыр деген чериктен көп жылкыны капыстан алып Ысык-Көл багытына сoдарып кетет.

Ажыбек соодагер кашкарлыктан жансыздар жиберип, Ашырдын кайсы жерде жаткандыгын билип, кыштын толук мезгилинде барып жылкыны сүрүп алат. Ашырдын аты даяр болбогондуктан

тээ минип жетип айкырыкты салат: "Ажыбек баатыр, кыштын күнү арык жылкыны Атбашыга сүрүп кыргын кылба, жокто антташалы, жайында кел астыңа жылкыңды салып берем!" деп айтат Ашыр. Ажыбек макул болуп, кайра тартып Ашыр менен анттташат, жылкыны таштайт. Жайдын толугунда Ашыр жылкыны Ажыбекке айдап жеткирет. ~~Бугунун Черикке катуу кол салышы~~

Бугунун Черикке катуу кол салышы.

Чоң энем Дилде айтар эле: "Күздүн күнү Ысык-Көлдөн калың кол Атбашыга баса келип калды. Черик камынып колун жыйып турду. Ажыбек атка минип даярданып башкарып турду.

Атбашы суусунун түн тарабындагы Кашкулак деген ороодогу эгинин бир түнүн ачып алып бугу кетти, уруш болгон жок."

Ажыбектин кыпчакка сокку урганы.

Белгилүү илгертен бери Карай атанын аксакал уулу болгон Адыгине эли парганын чыгыш өрөөнү жана Алайды ээлеп келишет. Кыпчактар болсо Парганынын батыш өрөөнүн ээлеп кокон кандыгын кыймылдатпай бийлеп, датка, амирлашкер, форманачылар бардыгы кыпчактардын колдорунда болот. Кашкар кандыгынын бийлиги да кыпчактардын колдорунда болот. Кан кыпчак, эр кыпчак деп араандайт. Ал убактарда кыпчактарга эч кайсы эл Орто Азияда бас келе алышпайт. Кыпчактар четтен тыш күч алып, Көк-Суу алайды Адыгине элине жердетпей сүрүп салат. Ал убакта Адыгине уруусун баштыгы айтылуу Алымбек датка, аялы Курмажан датка болот. Алымбек кыпчактарга каш кайтара албай аргасы түгөнөт. Алымбек катуу капалуу ойлорду ойлонуп бир күчтүү элден союз табууну маакул көрүп, Ала Тоодогу тагай урууларына сыйынмакчы болот. Белгилүү ал убакта ормондун дун обурагы да таш жарып калган экен. Алымбек мындай пикирге келет: "Адыгине, тагай ага, ини эмеспи, түбүбүз бир эмеспи,

кызы талак зордукчу кыпчактан кеткен теңдигимди алып берер.. деп ойлосо да, кайтадан анын: "кой ормондун атагы болгон менен көзгө ашкере көрүнгөн көрүнүктү иштери жок..... анчейин окуга да жүргөн адам экен. Ажыбек баатыр болсо, адегенде озала болсо баса барган биздин Адыгинени жеңип, Асан, калчаны өлүм кылды, андан кийин өзү баса барып кол салган баатырлардын бардыгын кан жеткүрттү! Ажыбекке сыйынып колго алсам, намысымды кетирбей кыпчактардан алып берер гон "Сен түп түз Ажыбекке келип арыз айтат.

Ажыбек Алымбектин арыздуу сөздөрүн угуп, кайраттан атта, чериктеги..... күлүк, эр заматтарды кашына.... ажыдаардай оп тарткан кан кор кан кыпчакты карай ажыдаардай октолуп, арстандай чамынып жөнөйт. Алымбек Адыгинеден да кол жыймакчы болгондо Ажыбек мындай дейт: "Алымбек сенин ...... Адыгенден кол жыям дегениң кандай кеп! Анда мени убара кылбай эле кыпчакты өзүң жоласаң болбойбу?!"

Ажыбектин бул сөзүнө Алымбек абдан сынатта, өзү баш болуп, жол билген баатыр жигиттерден бир канчаларын гана алып Алайдын көчүгүндө дөө күрсүп жаткан кереге-жайдыдагы кыпчакка баса барат. Кереге-жайды деген жердин ар тарабы ашуусуз бийик тоолор менен курчалган, бир тарабы ыксыз ..... терең дария суу болуп, бир гана чубама жолунда көпүрөөсү бар экен, аны дайыма жарак түуу кароочулар күзөтүп турат экен. Ажыбектин колу дүңгүрөп каптап кирип барса да, жалгыз жолду бербей кароолчулар камчамалдырбай аткылап турушат. Акчубак уругунан Абыласан деген баатыр жигит аткы чылдын атып турган мылтыгын ..... теминин кирип колунан жулуп алып, башын ..... чабат. Калган кароолчулардын толо оюн

тов кылып ойронтоп кереге-жайдыдагы кыпчакты аралап киришет. Бир өлгөнүнө чоң аш берип жаткан экен. Тулуна дүрдүйүнө асыл букмдарды салган экен. Ажыбектин колу талап кирет.

Ак Чубак уругунан Мурат деген кишинин жети уулу кырандай чалып олжону ыксыз көп алышат. 40 байталга баасы токтогон нак алтындан айчыктап асыл таштардан көз койгон. кисе да Мураттын балдарынын колдоруна кирет.

Зордукчу кыпчактарды кан жөткүртүп, төрт мүлүктүү малдарын жана кармаган туткан букмдарынан эч теме койбостон барган кол алып, ичте улутуп, кыпчактарды керге-жайдыга таштап кайра тартышат да, Адыгинегей келип олжону бөлмөкчү болгондо Алымбек айтат: "Адыгине олжо албайт, эмгек чериктики, кыпчакты черик оузду, олжо чериктики" дейт.

"Алымбек андай эмес, черик эрдигин сатпайт, олжодон Адыгине да алат " деп айтат Ажыбек. олжону эки элдин ортосуна жеке тең бөлүнөт. "40 байталдын баасына турган кисени ким алат? деп айтат Ажыбек.

Алымбек Ажыбектин коркоо дейт экен. "Э, коркоо, кудайды карасаңчы! Тууну жыккан баатыр албай, экөөбүз алмак белек!" дейт Алымбек. Кисени туу жыккан Абыласан баатырга берилет.

Адыгине эли ата конушу болгон Көк-Суу Алайды тынч жерден калышат. Кыпчакты кан жөткүртүптүр деген кабар көп жер, көп элдерге угулуп, Ажыбектин баатырлык даңкы араандайт.

## Ормондун кыргыздан кол чакырышы.

Кененсары кыргызга карата кол сала баштап умтулганда, Ормокан кыргыздын кр бир урууларына кабар берип, баатыр аталгандарды чакыртат. Чакыруу боюнча какшаалдан көп жан

жолдоштору менен шайдооттонуп Ажыбек баатыр да келет. Ажыбек
бир канча чатырларын атка жүктөтүп, Канкардын зайыра каны
дүйүм жер жемишин, Байын, кайласын жез казандарын толгон
каптаган күрүчтөрүн аттарга жүктөтө келет.
Ормондун айылы Ысык-Көлдүн күнгөйүндө болот. Ормонго
Ажыбек баатырдын келген кабары угулганда, бир канча аксакал
кишилер алдынан тозуп чыгып көрүшүп, керней, сурнай тартылып,
ырчылардан, сөөлөт менен түшүрөт. Ажыбек Ормонкандын үстүнө
киреpде өтүгү менен уйдун суюк жампасын кечип кирет. Эч кимге
өөдө болбостон Ормон Ажыбекке туура калып кучакташып көрүшөт.
Ажыбектин жолдоштору да Ормондун төрүнө тебелей барып отурушат.
Ормон кымыздан тарткан арактан Ажылбекке жана жолдошторуна
сундуруп, мейманкана үйүнө киргиздирип, өзү бирге отуруп узун
сөзге кирип, Ажыбекке суроолор бере баштайт. "Э, Ажыбек баатыр
Адыгине ага, инин кандайлыктан кан жеткүрттүң, атанын аксакал
уулу эле го! дейт Ормон.

"Ой, Ормон, сен кандай айтасың, Адыгине ага, иниң тынч
жаткан бечара Черикке өздөрү келип асылгандыктан кан жеткүрдү!"
дейт Ажыбек.

"Ажыбек баатыр саяк, бугу ага, инини кандайлыктан
талкаладың?" деп суроо берет Ормон. "Саяк бугу ага, иниңди
момун аз Черикке кол салгандыктан талкандалды" дейт Ажыбек.
"Ажыбек баатыр кудайсыган кыпчакка күн кылыпсың, угуп мооку-
мубуз канды!" дейт Ормон.

Ажыбектин жээ мерген дегени кийин терисинен сыртына
каратып кийген киергенде бирге барып Ажыбек менен
бирге отурат. "Бардык кийимдери кийиктин терисинен түгүн
сыртына каратып кийген бу ким деген кишиң? Ажыбек баатыр"
деп суроо берет Ормон.

"Жээ мерген кишибиз болот" деп жооп берет Ажыбек. "Жээ мергеним эмесе жоого жетип бир эликти эш кайнамга жеткирбей жарадар кылып айтып келе салчы!" дейт Ормон.

Жээ мерген дароо тоо эрлап барып бир эликтин колун сый атып тирүү Ормондун алдына алып келет. Ормон жээ мергенге бир ат мингизип, бир тон кийгизет.

Ажыбекке Ормон айлынан окчун үй тиктиртет. Ажыбек өзүнүн чатырларын тиктирет. Отун, суучу кызматкерлерди Ормон берет. Сокмтар берилет. Шайдоот келген Ажыбек соком малдарды бышыртып, казан, казан курүчтү бастырып, даңкандарга чайды кайнаттырып даяр кылдырып койдурат. Ар уруунун аксакалдары Ажыбекке учурашууга келе беришет. Дасторкон жайылуу, кашкардын толгон жер жемиштери чачылган. Ал кезде эла тоодо бир да шаар жок болгондуктан эли чай, нан, жер жемишти билишпейт. экен. Ажыбектин сөөлөтүнө таңданышат.

Бир убакта алда кайдан күркүрөгөн шаркыраган үн угулат. "О, Черктер бастырыңар кайдалап камчам албай кыйкырып келет. Ажыбек учуп чыгып агын алып, эшик ачып киргизет. Бул келген жумгал саягынан чыккан чоң медет экен. Медет терең сөзгө кирип " Ажыбегим дөө курсүгөн кыпчакты кан жеткүргөнүңдү айтып берчи?"дейт Медет.

Ажыбек бир баштан айтып берет. "Э, кызы талак кыпчакка Ажыбегим күң кылган турбайсыңбы?" деэт Медет.

"Ормондун аюу жалпагын уйдун жамнасы менен булгап тебелей . отурдуң эле, Медеттен коркуп калтырадың Ажыбек" жолдоштор айтышат. "Ормон курусун ага убал барбы. Медет элдин касиеттүү аксакал кишиси турбайбы, сыйлашыбыз керек!" дейт Ажыбек.

Ормон Ажыбек менен кудалашат.

Кыргыздан кол жыйналса да, кенен сары баса келбей калгандыктан кол жер жерлерине кайтууга туура келет. Ормондун чечени журттун алдында сайрайт. Кенен сары бул жолу баса келбей калыптыр! Журт эртелеп кайтса боло турган болуп калды. Кол тарап кайтышат.

Ажыбек Ормонго бет алып темиғип: "Ормон сен кимди убара кылгың келет! Кайда жооң көрсөт! Мен кашкардын үстүнөн ат арытып, тон туздуруп келдим! Элиңдин бир четин чаап алып кетем!"

Мына ошондо Ажыбектен чочунуп сөзгө жыгылып, кудалашууга өтүнөт. Камбыл деген атынын көкүлүнө аяктай кебезди байлап жан толгон жорго, күлүктөрдү шатектеп тартып, Чаргын деген баласын Ажыбектин иниси Турдукөнүн кызына кудалашып бата кылышат. Ажыбек кайтат.

Ажыбек ажалынан өлөт. Ажыбектин иниси Турдукеөу, солду чакырып Ажыбекке чоң аш берет. Ажыбектин ашына эч кайсы аштар караандай албагандыктарын чериктин карылары айтышат. Ак-Сайдын чыгыш тарабында Чабуулдун тоосунун түбүндөгү талаада Каз-Уясы деген жерге берилет. Азыр ал орун Ажыбектин кемегеси деп аталат. Менин чоң ата, чоң энем Ажыбектин ашын толук көрүшкөн. Ажыбектин Абдырамаң, Абдыкасан аттуу эки уулу болот. Абдырамаң эң көрктүү мыкты болуп, кийин кашкардын каны Бердөөлөт уу берип өлтүрөт. Ажыбектин байбичесинин аты Чотой. Ажыбек какшаалда өлүп, Кара-Булак деген орунда күмбөзүнүн дүмүрү азыр да бар экен, өзүм көрдүм. Бедөөлөттүн кандыгы жыгылганда, анын Кара-Булакка койгон калмат деген беги буздуруптур иттиги го.

Ажыбек өлгөндөн кийин Чериктин абалы.

Ажыбек баатыр өлгөндөн кийин айланадагы чоң уруулар бир

Ажыбек баатыр өлгөндөн кийин айланадагы чоң уруулар бир баштан Черикке кол салып кирет. Черик эли башынан коргоно келген какшаалдын бек тоолоруна жамынып ыга баштайт.

Сарыбагыштар теминип кирип Черикке колдорун сала баштайт. ОРмондун Чаргын, Жамынчы, Жамгырчы деген уулдары Черикке көрүнөө кол салып, Чериктин тору үйүгүнүн Келе бакан Шайылда дегендин Маасымакан аттуу кызын көрүнө тартып чырпыналат. Ак-Сайда Үзүктүн бели деген орунда жаткан конурат уруусун болгон Жумабай деген кишинин жана чоң атам Турдубек деген кишинин Жамынчы, Жамгырчы сыйпалта алып, бир топ үйлүү черикти Кочкор тарапка бура тала кембайлап көчүрүп кетет. Ошондо менин өз атам Абдырахман төрт жашта болот. Конурат Жумабай көп жашаган киши болуп, таятам чөкөнүн атасы болот. Жумабайдын Эр Назар Чолок деген мыкты уулу болот. Чоң энем Дилде Жумабайдын түн кызы болуп, Ормок, Абдыкерим, Абдырахман деген үч уулу жан төрт кыз болот. Чыргын бир канча үйлүү черикти туткун кылып жанына кондуруп алганда, Шайылданын кызы Маасымканга жамынып төркүн болуп жүрүшөт. Атам Абдырахман жашар балага ыр үйрөтүп кокшат. Чаргындыкына барганда ырдатат. Чаргын оку талпакта отурат. Мындай деп ырдайт:

"Бакырчак төөнүн комубуз,
Баатыр Чаргын тобубуз.
Өкүрчөк төөнүн комубуз,
Өкүм Чаркын тобубуз"

Аюу талпактын жүнүн тыткылаганда "Ай сийдигинди ичкиң талакты жулба деп айтар эле дейт" Чаргын. Балага жер жемиш бер деп бердирген экен. Өзүнөн ээлеп алган бир кара бээни өбүлгөгө берет Чаргын. Ошентип туткунга баган чериктер чар-

гыщын жанында бир жылы туруп калышат. Ысык-Көлдөгү бугу уруусу өз ыктыярлары Россияга кошулуп, Зарыпек султан болот. Орус тул катын, жетиси баланын улугу экен деп араанда гана сөздөр асманга көтөрүлөт. Орус эл чабууну кан буугундай басып, жоокерчилик убагындагы кул менен күңдү азат кылгандыгы ачык-ачык болот. Ошолордо генерал-геберхатор азыркы Рыбачыга келип калат. Эрназар менен Ормок генерал геберна-торго арыз айтышат. Генерал-губернатор Ормондун уулдары Үметаалы, чакыртып келип, чабылып келинген чериктерди бошотуп, малдарын жыйнатып берет. Кол башындагы коңурат элинен тууганы болгон Жумабайдын кабарлап кишилер келип көчүрүп жөнөгөндө чоң ата, чоң эне бирге көчүп алып кете берет.

Чоң атам бой тарткан кыздарын сураган кишилерге берип, оокаттанат. Бугулар Текеске ооганда чоң атам Текеске да көчүп барат. 1982-жылы Текестен бугуну айдап түшүргөндө бирге көлгө келип туруп калат. 1888-жылы Жети-Өгүздө мен туулам. 15 жашымда 87 жашында менин чоң атам каза болду. 20 жашымда 88 жашында чоң энем каза болду. Колонизатолор көп көчүп келип жер, суу тарыганда, 1915-жылы Атбашыга черик тууганды издеп көчүп бардык. Ак чубак уругунан болом.

1921-жылы өз атам менден башка уулдары кайта Ысык-Көлгө көчүп кетип, 1942-жылы 81 жашында Жети-Өгүздө дүнүйөдөн кайтты.

Ормок болсо 24 жашында Атбашыдан кетип, 34 жашында Текесте турганда өлөт.

Ошондой черик эли өтө чачылат, Ысык-Көл, Чүй, Анжиян тарапка.

Падышалык доордо Атбашыдагы черик эки болушка толуп, бири Чеч-Төбө, экинчиси черик эли аталды. Чериктин жарымы

какшаалда калып, Ажыбектин тукумунда кашаалды, падышалык түдөөрдөрдө да, черик уруусу Сарыбагыш, бугунун таасиринде турушкан.

Кыргыз эли Россияга кошулуп, ар бир бөлүм элге болуштар шайланып, тынчыса да күчтүү уруулар, начар урууларды былк эттирбей бийлеөлөрү улана берилет.

Бектен манаптын Атбашыга көчүп барганы.

Сарыбагыш уруусунун темирдеген бир бөлүм элинен XIX-кылымдын 2-жарымында Бектен деген чоң манап, 40 жигит күткөндүктөн кырк жигит Бектен деп аталат.

Бектен бир күндөрдө 15-20 чакты түтүнү менен Кочкордон көчүп алып, жайлоо башталганда, Атбашыга чекенди талаа деген орунга барып көнүп алып, Черистин төөлөрүн, жылкыларын кармап келип байлатат. Малчылар чериктин билермени Матайга келип айтат. Матай 30-40 чакты азаматты камдап алып, моңолдор элинин билермени Жакынбектин айылына барып, аны да 30-40 чакты жигит менен аткарып алып, Бектендин айылына жакындап келип, жигиттерди токтотуп, бир жигитти ээрчитип, аттарын мамыга байлаштырып, Бектендин үстүнө салам айтпастан кирип барышып, жүккө чалкалай тартып, чоң камчылары колдорунда турат.

Бектен түшүн түрдүрүп кокп көйнөк, ыштанчан ысылап отурган болот. Чоко манапта барып төмөн жакка отуруп калган экен.

"Ә, Чоко, бул кишилер ким болот?" дейт Бектен.

"Бул кишилер Черик тууганыңыздын билермени Матай аке, моңолдор тууганыңыздын билермени Жакынбек аке дегендер" дейт Чоко.

"Бул жаткан киши ким болот?" дейт Матай.

"Бектен аке деген Сарыбагыш элинин аксакалы болот" дейт Чоко.

"Бул кишинин чери кайда болот. Атбашыга эмне жумуштап келиптир?" дейт Матай. "Бул кишинин жери Кочкор, моңолдор, черик тууганлар менен таанышып жайлап кетип эмин жана үчүкө, түлкү шейит өткөн баатырлардын мүрзөсүн тайып коекн деп келиптир. Какшаалда үчүкө, түлкү баатырларды илгери нойгуттун жаңыл кызы өлтүргөн эмеспи, кабарыңыз бар" деп жооп кайтарат Чоко. "Э, Чоко, сен жинди болгон турбайсыңбы? Үчүкө, түлкү шейит өткөн баатырлар дейсиң билебиз, баатырды катындан өлүчү беле, катын мууздаган адам болот дейт, катындан араш өлгөн зордукчу атаң шейит болмок беле! Бул жаткан жиндиң кайда барып өлөрүн билбей жүргөн эме го! Моңолдор менен чериктин малын матап алып мүрзө тайыса, ал жердеги моңолдор, чериктин арбактары арамолгон атаңды дагы тепетепке алып, өздөрүнүн малдарын алып албайбы?" деп айтат Матай тарт деп эшикке жыгып, матоодогу төөлөр. Жылкылардын аркандарын кырктырып жөнөгөндө, бир моңолдор келип "менин бээмди Бектен союп коюптур". Мамыда байлалуу турган Бектендин атын коштотуп жөнөгөндө үйдөн Чоко чыга калып "Матай аке бээни мен берейин" дейт Чоко.

"Чоко, сен тууганыңа болушайын деп турасыңбы? болушсаң чык дейт Матай. Атты таштайт.

Бектен түн бою кайта көчөт.

Өмүрзак, Карачтын Атбашыга баса барганы.

Ысык"-Көлдөгү бугу уруусун чоң манаптарынан болгон Өмүрзак, карач бир бөлүш элин менен 1883-жылы Атбашыны көздөй көчөт, моңолдар, черикти бийлөө үчүн.

Солтобай акын мындай ырдайт:

"Аз көчпөдү, көп көчтү,
Өмүрзак, карач эки дөө;
Атбашыда черикке;

Ажим болом деп кечтү.
Акимдикке жарайбы,
Жарабаса эки дее;
Ысык-Көл кайта санайбы!
Былтыр кетип эки дее,
Өлбөй турсак көрөрбүз;
Кайта келер эки жөө!"

Өмүрзак, Карач Атбашыга эки жылы турганда, чоң жут болуп, төрт аяктуу малдан ажыраан - - - -,- кайта Ысык-Көлгө жөө чубуруп кетишет.

Өмүрзак бир миң кула жылкыдан айрылып жөөлөп кайта барып түптүн боюнда каз багып эки көзү карала сокур болуп карыганда өлөт.

Өмүрзак, Карач Атбашыга келип, моңолдор, черикти бийлөөгө гана канааттанбай Анжыян багытындагы Бассыс уруусунан чыккан Чатбылбекке бир жүз ат менен кудалашат.

Кашкар багытындагы чоң багыш элинин чоңдору менен достошот.

Сарыбагыштардын Атбашыга барышы.

Кыргыз эли Россияга кошулуп, жоокерчүлүк жоюлуп журт тынчып 1870-жылдар болгон убакта Чүйдөн Сарыбагыш уруусунун кай бир элдери Атбашы менен Нарынды самап көчө баштайт. Атбашы, Нарындагы чирик, моңолдор сыяктуу начар момун элди бийлегии келишет. Ныяэбектин сегиз бегинин эң кенжеси Ырыскулбектен Осмон, кайдуу деген желмогуздай кыйын уулдары болуп, Осмон эл бийлеп болуш болуп турганда, элин көчүрүп Атбашыга барат. Черикте кындей албай жакшы шайлуу жерлерин бошотуп чыга беришет.

1876-жылдарда Бедөөлөттүн жанцыгы кулагында, какшаал терри-
ториясындагы черик уруусунун карагул уруугунан болгондор
бир болуш чамалуу түтүн менен Атбашыга ооот. Турдукөнүн уулу
Шадыкан дегин өң кыйын киши болгондуктан губернатордон буйрук
алып келип, кышгөн кыранчилде Атбашыдэн орун алган Сары-
багыштарды кайта Чүйдү карай айдатып көчүрөт. Кийин Шадыкан
эли менен какшаалга ооп кеткенден соң Кайдуун уа уулу Чоко
манап элин жана көчүрүп келип кондурат. Бул көчүп келгендер
Эсенгул болушу деп аталып, эң кедей келишет. Аларды чериктер
кийизөтүк сарыбагыштар деп айтып, кийизден чокой кий-
гендиктен айтышкан.

Атбашыга келген Эсенгул эли черикке уруулардын жаадыра
берет. Чериктер тынчылыкты каалагандыктан Эсенгул элинин
жабырларын көтөрүп тура беришет.

1900-жылдан баштап Чоко манаптын уулу казы эң шок
чыгып, черик гана эмес Атбашы, Нарындагы элди бийлейт. Черик
эли Эсенкул элинин үстөмдүгү астында калып совет доорунда
гана теңдикке жетет.

Арт. 3701-У
ОСТ 81-53-78
Цена 15 коп.